**“БЕКИТЕМИН”**
**И. Арабаев атындагы**
**Кыргыз мамлекеттикуниверситетинин**
**ректору, проф.Т.А. Абдырахманов**
**_______________________**
**11 май 2017 - жыл**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун, К. Карасаеватындагы Бишкек гуманитардык университети жана Кыргыз-Түрк «Манас»университетинин алдындагы философия илимдерибоюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды Д.09.16.534 коргоо кецешинии алдындагы 09.00.11-социалдык философия адистиги боюнча Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына изденүүчү Туратбек кызы Жазгүлдүн «Билим берүү феномени социалдык мобилдүүлүктүн фактору» аттуу диссертациялык ишинежетектөөчү мекеме болгон И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттикуниверситетинин “Философия жана гуманитардык дисциплиналар” кафедрасынын**

**Корутундусу**

**Жыйындын торагасы:** филос.и.к., доцент Арзыматов Ж.С.
**Катчы:** Орокбаева К.К.
**Катышкандар:** филос.и.доктору, профессор Амердинова.,филос.и.к., доцент Алымкулов З.А., филос.и.к. доцент АрзыматоваЧ.Дж., филос.и.к., доцент Бейшенова А.Т., саясий.и.к., доцент Дуйшеналиев Ч., филос.и. к., доцент Исраилова Р.Н., биол.и.к., доцент Ногойбаева Р.С., филос..к., доцент Мусуралиева М.М., .филос.и.к., .доцент Самыйканов А.Т., филос. и.к., доцент Субанбекова М.Ш. окут.Орокбаева К.К., окут.Эрмекбаева А.Б.

## 1. Диссертациялык теманын актуалдуулугу жана анын жалпымамлекеттик программалар менен байланышы:

Изденүүчүнүн диссертациялык кол жазмасынын актуалдуулугу так жана ачык берилген. Билим берүү коомдун жашоо-турмушун жана өнүгүүсүн, адамзаттын тарыхый-коомдук ишмердүүлүгүнүн чөйрөсүн аныктоочу негизги жана зарыл социалдык чөйрө болуп эсептелет. Билим берүү социалдык

институт катары ишмердүүлүктө, өзүнүн башкы максаты болгон социалдаштырууну калыптандырууну камсыздайт. Коомдук зор мааниге ээ болгон, ата-бабалардан калып, "турмуш элегинен" өтүп топтолгон тажрыйбаны кийинки муундарга өткөрүп берүү менен бирге билим берүү коомдун курамынын, анын өзгөчөлүгүн жана өз алдынчалуулугун ар бир конкреттүү саясий системалык түзүлүшто сакталып калуусуна шарт түзөт. Ошондой эле, билим берүү индивиддердин жана социалдык топтордун карым-катнашын тескеп туруучу жолдордун системасын пайда кылат. Демек, негизинен билим берүү инсандын социалдык мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу факторлордун бири болуп саналат.

Бүгүнкү коом түзүлүшүнүн татаалдыгы жана өз ара мамилелердин көп кырдуулугу менен айырмаланат. Ошондуктан, билим берүүгө социалдык кубулуштардын, процесстердин адекваттуу жолдорун иштеп чыгууну камсыз кылуучу роль таандык болгон. Билим берүү коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүн камтып жана алардын өзөгүнө терең сүңгүп кирүү менен анын өнүгүүсүнүн негизги багыттарын чагылдырып, келечекте жалпы адамзаттык баалуулуктарды сактап калуусу кокусунан эмес. Себеби, улуттун сакталып калышы жана анын коопсуздугу дал ошол билим берүүнүн ырааттуу чечилишинен көз каранды.

Бүгүнкү коом өзүнүн социоэкономикалык, саясий, маданий ж.б. структуралык түзүлүштөрүндө болуп жаткан түп-тамырынан берки өзгөрүүлөрдү башынан кечирүүдө. Бул өзгөрүүлөр коомдук болмуштун (общественное бытие) өзгөчө чөйрөсүнүн (маалыматтык чөйрө) пайда болуусу менен байланыштуу. Өндүрүшкө, маалыматты иштеп чыгуу жана аны колдонууга негизделген коомго карата учурдагы илимий адабияттарда ар түрдүү түшүнүктөр колдонулат. Мисалы: «маалыматтык коом» (информационное общество) же «билимдер коому» (общество знания). Мындай коомдо илим менен билим өзгөчө роль ойнойт, анткени алар адамдардын жашоосунун өнүгүүсүн жана атаандаштык жөндөмүн гана камсыз кылбастан, бүгүнкү күндө билим менен маалымат эң негизги социалдык ресурстардан болуп калды. Ушундан улам социомаданий трансформациянын натыйжасында коомдун түзүлүшү өзгөрүүгө учурап, инсандын мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу фактор катары эсептелген билим берүүгө болгон муктаждык алда-канча күчөдү.

Баса белгилей кетүүчү нерсе, коомдо, өзгөчө билим берүүдө болуп жаткан модернизациялык процесстер жетишээрлик децгээлде кылдат жана карама-каршы мүнөзгө ээ. Себеби биринчиден, коомдун социоэкономикалык,

социомаданий өнүгүшү үчүн билим берүүгө эц негизги мааниге ээ болгон талаптар улам көбөйүүдө. Экинчиден, билим берүү институтунун инсандын коомго аралашуусундагы реалдуу процесстеринен четтетилиши, коомдук аң-сезимдеги жеке баалуулугунун кескин төмөндөшү, мамлекет тарабынан жетишээрлик децгээлде каржылык жана шарт менен камсыздалбагандыгы анын жашоо-турмушун бир кыйла оор абалга алып келүүдө.

Демек, учурдагы билим берүү институтунун абалын, анын социалдык функцияларын изилдөө оор жана көп кырдуу маселелерден болуп эсептелет. Билим берүү, социалдык көйгөй катары, негизинен түздөн – түз социология жана педагогика илимдеринин алкагында жүзөгө ашырылып келет. Себеби, социология - билим берүүнүн коомдук мүнөздогү аткарган кызматтарын изилдесе, билим берүү социологияда коомдук мобилдүүлүктүн факторлорунун бири катары каралат. Педагогикада болсо билимди, тарыхый топтолгон тажрыйбаны ж.б. муундан-муунга өткөрүп берүүчү процесстин жыйынтыктары катары караса, конкреттүү илимдер болсо өздөрүнүн предметтеринин өзгөчөлүктөрүнүн негизинде билим берүүнүн маңызын жана анын социалдык ролун аныкташат. Белгилей кетүүчү нерсе, бул маселе көпчүлүк учурларда жеке илимдердин методологиясынын алкагында изилденип, билим берүүнүн фундаменталдык негиздерин түшүнүүнү жана аны терец изилдөөнү камсыз кыла албайт.

Жогоруда айтылгын маселелердин бардыгы илимий изилдөөгө алынган проблеманын актуалдуулугун шарттап турат.

2. **Диссертацияларга коюлган талаптардын чектериндеги иштин илимий жыйынтыктары:**

**Диссертациянын илимий жыйынтыктары социалдык философиялык изилдөөгө олуттуу салым кошо алат. Аларды төмөндөгүдөй жыйынтыктар аркылуу туюндурууга болот:**

**1-жыйынтык.** Коомдук мобилдүүлүктүн фактору катары кызмат кылуучу билим берүүнүн маңызы анын социалдык функцияларынын жыйындысы менен мүнөздөлөт. Анткени, билим берүү адамдын жеке инсандык сыпаттарынын алкагында анын социалдык мейкиндиктеги тынымсыз кыймыл-аракетин камсыз кылып турат. Тактап айтканда, билим берүүнүн мазмуну, «билим берүүнүн мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрү» аттуу түшүнүктүн иденттүүлүгүн камсыз кылууга жөндөмдүүлүгүн карап чыгат.

**2-жыйынтык. Талапкер теманы изилдөөдө**Социалдык мобилдүүлүктүн коомдук жашоонун бардык чөйрөсүндөгү аткарган кызматынын маңызы менен структурасын ачып, алардын «ички өзөгү» туруктуу, ал эми «сырткы

социалдык кабыгы» тарыхый өзгөрүүлөргө ийкемдүү экендигин аныктоо аракетенген.

**3-жыйынтык.**Ар бир конкреттүү коомдук түзүлүштө социалдык мобилдүүлүктү камсыз кылуучу диалектикалык байланышта болгон факторлордун бүтүн системасы көрүнүктүү орунда турат. Ошол эле учурда коомдун өнүгүүсүнүн этаптарында айрым факторлор коомдук мейкиндиктеги адамдын социалдык абалынын өзгөрүүсүнө үстөмдүк кылышат. Социалдык мобилдүүлүктү камсыз кылууда билим берүү процесси факторлордун системасынын озөгүн түзүп, коомдогу жашоо-турмуштун максаттарын, милдеттери менен баалуулуктарына кайрылат.

**4-жыйынтык.**Билим берүүго социалдык орун которуу процессиндеги объективдүү жана субъективдүү шарттардын жыйындысы таасирин тийгизет. Объективдүү шарттар социалдык мобилдүүлүктүн жүзөгө ашырылышындагы негиз болуп саналат. Анткени, коомдук мобилдүүлүк белгилүү бир мамлекеттик түзүлүштө, социоэкономикалык жана социомаданий өзгөчөлүгү бар конкреттүү коомдо жүзөгө ашат. Илимий деңгээлде иштелип чыккан билим берүү системасынын шарттары жыйынтыгында социалдык мобилдүүлүк процессинин объективдүү курамын түзүшөт. Ал эми субъективдүү кызыкчылыктардын, жөндөмдүүлүктөрдүн, талаптардын системасынын, факторлордун комплекси социалдык мобилдүүлүктүн маңыздуу жактарын жана спецификалык өзгөчөлүктү шарттаганын тастыктаган.

**5-жыйынтык.**Автор Билим берүүнүн коомгө болгон мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүү алгач теориялык деңгээлде иштелип чыккан. Анын мындай мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуусу теориялык шарттарда, ал маселенин концептуалдык-методологиялык негиздерин тактоодо пайда болот. Ал эми, практикалык шарттардын комплекси учурдагы коомдук түзүлүштөгү билим берүүнүн мобилдүүлүк дараметин оптимизациялоочу ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга багытталган ойлоонун көп кырдуулугун жана чексиздигин айкындаган.

**6-жыйынтык.**Коомдук өндүрүмдүүлүктү, өнүгүүнүн функцияларын ишке ашыруучу жана жеке милдеттерди конкреттештирүүчү социалдык институт катары билим берүү бир жагынан адамдын акыл-эсинин деңгээлинин өнүгүүсүнүн, өркүндөөсүнүн негизинде пайда болуучу, анын жаңы образын, кесиптик компетенттүүлүгүн, о.э. аларды шөкөттөгөн социалдык жана руханий маанилүү сапаттарынын калыптанышын ишке ашыруучу процесс катары кызмат аткарарына кеңири мүнөздөмө берген.

3. **Диссертацияда белгиленген илимий жыйынтыктардын, корутундунун негиздүүлүгү жана ынанымдуулугу:**

Талапкердин илимий жыйынтыктары негиздүү жана ынанымдуу экендигин төмөнкү жыйынтыктар көрсөтүп турат:

**Биринчиден,** билим берүү коомдогу аткарган функциясы өткөндөн бүгүнкү күнгө чейинки колдонулуп жүргөн базистик элементтери болуп саналышы. Социогуманитардык илимдердин контекстинде колдонулуучу категориялардан болуп эсептелген билим берүүнүн социалдык мобилдүүлүктү жүзөгө ашыруудагы анын трансформацияланышы жана өзгөчөлүгү болуп саналары баса белгиленген.

**Экинчиден,** билим берүү феноменинин жеке концептуалдуу негизин, анын коомдук маани-маңызын ачып берүү аракети көрүлүп, социалдык мобилдүүлүктүн факторлорунун системасындагы билим берүүнүн орду камтылгандыгын далилдүү булактар менен тастыктаган.

**Үчүнчүдөн,** социофилософиялык концепцияларды анализдөөнүн натыйжасында инсандын коомдук мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу негизги факторлордун бири катары билим берүү системасы экендигин далилдөө менен байланышкан кеңири маани-маңызга каныктырылгандыгына анализ жүргүзүлгөн.

**Төртүнчүдөн,**инсандын социалдык мейкиндиктеги орун которууларын камсыз кылган максаттуу билим берүүнүн субъективдүү жана объективдүү факторлору аныктап заманбап коомдук түзүлүштөгү мобилдүүлүктү жогорулаткан билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн теориялык жана практикалык шарттарынын комплекси илимий негизде өз эмгегинде кеңири көрсөткөн.

4. **Диссертациялык иштеги жаңычылдыктын дэңгээли**

Диссертациянын жаңычылдыгы, ага коюлган максаттарынын жана милдеттеринин аткарылышы аркылуу көрүнүп турат. Атап айтсак Диссертацияда социалдык мобилдүүлүктүн факторлорунун системасындагы билим берүүнүн имманенттүү маңызын чагылдырган тарыхый-философиялык жана илимий-теориялык маанидеги бир катар жацылыктар алынган.

Ошондой эле жаңы геосаясий мейкиндиктеги билим берүүнүн адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн жүзөгө ашырылуусуна тийгизген таасирин аксиологиялык мазмунунун мааниси жана башкаруудагы орду кеңири көгөзүлүп иликтенген.

5. **Диссертациядагы коюлган маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигииин жана багыттуулугунун байланышы:**

Диссертация жаңы булактарды илимий айлампага киргизүүнүн негизинде билим берүүнүн парадигмаларынын социалдык мобилдүүлүктүн факторлорун чагылдыруудагы өзгөчөлүгүнө тарыхый-философиялык анализ берүү болуп саналат. Изилдөөнүн жыйынтыктарыколдонулган бай тарыхыйфактыларжана башка материалдармененнегизделгенжанатастыкталган.

Корутундудиссертациялык иштинмаксатыжана милдеттериненкелипчыкканжоболоргожооп берет.

Заманбап коомдук түзүлүштөгү мобилдүүлүктү жогорулаткан билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн теориялык жана практикалык шарттарынын комплекси илимий негиздеги алган орду менен ролун тактоо автордун жекече салымы катары белгиленет

6. **Диссертациянын практикалык мааниси.**

Диссертациялык иштин негизги теориялык-методологиялык жоболору, изилдөөнүн натыйжасында алынган жыйынтыктар жогорку окуу жайларындагы аспиранттарга жана студенттерге философия тарыхы, эстетика, маданият философиясы, маданият таануу сабактарына байланыштуу лекцияларды, семинарларды даярдоого болмокчу жана ошондой эле иштин жыйынтыктарын атайын курстарды, дипломдук иштерди даярдоодо, илимий конференцияларда пайдаланууга болот.

7. **Диссертациянын мазмуну автордун жарыяланган эмгектеринде тастыкталышы.**

Диссертациялык иштин мазмуну талапкердин он бирилимий макалаларында чагылдырылган. Жарыяланган макалалар диссертациялык илимий ишке байланыштуу.

8. **Авторефераттын мазмуну диссертациялыкиштин мазмунуна дал келиши.**

Диссертациялык иштин максаты жана милдеттери авторефераттын алкагында толук чагылдырылган. Автореферат кыргыз жана орус тилинде жарыяланып, алар орус, кыргыз жана англис тилиндеги резюмелер менен жабдылган.

9. **Талапкерге каалоолор жана сунуштар.**

**Талапкердин диссертациялык иши олуттуу жетишкендиктер менен катар**

**айрымбир мүчүлүштүктөрдон да куру эмес.**

1. Диссертаңиялыкиш,илимийкатегориалдык-түшүнүк аппаратын кеңири колдонуп жазылгандыгынбелгилейкетсе болот. Бирок,андастилистикалыккаталар, ошондой эле айрымжерлердекайталанганфактылар да кездешет.
2. Э.Тоффлердинпостиндустриалдыкконцепциясындагы социоэконмикалык факторлорго көбүрөөк көңүлбурулуп, бул процесске таасир этүүгө башка компоненттерге жетишээрлик каралбай калгандай байкалат.
3. Билим берүү феноменинин инсандын калыптануусунун башка компоненттери менен болгон диалектикалык байланыштары толук ачылбай калгансыйт.

Айтылган кемчиликтер илимий изилдөөнүн деңгээлин төмөндөтпөйт, жана келтирилген жыйынтыктардын баалулугу талашсыз экени далилденет.

**10. Кыргыз Республикасынын ЖАК Окумуштуулук даража ыйгаруу жөнүндө жобо белгиленген талаптаргадиссертациянын жооп бериши.**

**Туратбек кызы Жазгүлдүн 09.00.11 - социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Билим берүү феномени социалдык мобилдүүлүктүн фактору» деген аталыштагы диссертациянын кол жазмасы11. 05. 17 ж. (№ 9 протокол)менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия жана гуманитардык дисциилиналар кафедрасында талкууланды жана бекитилди. Туратбек кызы Жазгүлдүн «Билим берүү феномени социалдык мобилдүүлүктүн фактору» деген аталыштагы диссертациянын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын Жалпы аттестациялык комиссиянын талаптарына толук жооп берет жана изденүүчү Туратбек кызы Жазгүлдүн 09.00.11- социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.**

**И.Арабаев атындагы**
**Кыргыз мамлекеттикуниверситетинин**
**философия жана гуманитардык**
**дисциплиналар кафедрасынын**
**башчысы: филос.и.к., доцент** **Арзыматов Ж.С.**

**Катчы:** **Орокбаева К.К.**